**«БЕКИТЕМИН»**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин илимий иштер боюнча проректору, биология илимдеринин кандидаты, доцент, Абсатаров Р.Р. ____________**
**«__8__»_________________ 2021-жыл**

**Изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында даярдалган социологиялык илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата жетектөөчү мекеменин**

# ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

Изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу 23.00.02 – «саясий институттар, процесстер жана технология» жана 22.00.04 – «социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер» адистиги боюнча саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 23.20.611 диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Кыргызстан эгемендүү болуп, демократия өнүгүш жолун тандап алгандан тартып, ал бардык тармактар боюнча көптөгөн мамлекеттер менен коомдук саясий, социалдык-экономикалык кызматташууга өттү. Мындай шартта артыкчылыкка ээ тармактардын бири болуп билим берүү системасы эсептелинет. Кыргызстан билим берүү системасын туура жолго салыш үчүн биринчи кезекте өнүккөн өлкөлөрдөгү ири жетишкендиктерге ээ болгон

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
КИРИШ № ДК-98-10
«14» 10 2021 ж

ийгиликтерди, дүйнөлүк билим берүүдөгү алдыңкы иш-тажрыйбаларды толугу менен өлкө ичине алып келүүгө аракет кыла баштады. Алардын биринчиси жогорку кесиптик билим берүүнү эки баскычтуу (бакалавриат жана магистратура) кредиттик окуу системасына алып чыгуу кызыкчылыгы болду. Өнүккөн өлкөлөрдө практикаланып келе жаткан мындай билим берүү системасын Кыргызстанга кабыл алуу аракети кимдир бирөөнүн жеке субъективдүү кызыкчылыгынан жаралган жок. Ага карата кызыкчылыктардын пайда болушу, XXI кылымдын алгачкы жылдарында, КМШ өлкөлөрүнүн бардыгына мүнөздүү объективдүү шарт болуп саналат.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда мамлекеттик жогорку окуу жайлардын саны – 32 жана жеке менчик жогорку окуу жайлардын саны – 33, баары биригип – 65. Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин жоболоруна ылайык 2012-жылдан тартып бардык жогорку окуу жайлары Болондук процессте иш алып барышууда. Кыргызстан өткөн Болондук билим берүү тутуму эки баскычтуу билим берүү тутумунан турат: биринчиси – төрт жылдык окуу менен бакалавр, экинчиси – эки жылдык окуу менен магистратура.

Автор эмгегинде квалификациялык даражанын бирден-бир чектөөсү – бакалаврларга жогорку окуу жайларында сабак берүүгө тыюу салынган. Айрым адистиктер боюнча дагы чектөөлөр бар, мисалы, магистрдик даражадан төмөн квалификациясы бар адам жогорку кызматка көтөрүлө албайт. Ошондой эле магистрдик программа – бул кесиптик өркүндөтүүнүн милдеттүү уландысы эмес, университеттер магистрдик программаларга бардык бакалаврларды кабыл ала албайт, анткени лицензиялык талаптар магистрдик программалардын максималдуу контингентин белгилеген, ал жогору эмес, анткени ал жакта жекече окутуу талап кылынат. Кыргызстандагы ЖОЖдордун бардыгы эле магистрдик программаларды ишке ашыра бербейт. Учурда магистратура программасы 26 жогорку окуу жайларында ачылган деп белгилейт.

Автордун эмгегинде илимий коомчулук ал өзгөрүүлөрдү ар түркүн аталыштар менен атап, ага ар кыл көз караштa баа берүүгө аракет кылат, ошондой эле социология илиминде да мындай аракеттер жетиштүү болуп саналаарын көрсөткөн. Бирок, кайсы тарабынан алынбасын, алардын көз караштарын бир жерге топтоп, бирин экинчиси менен байланыштырып турган жагдай — «адамдын эркин өнүгүшүнө» («свободное развитие человека») кызмат кыла турган билим берүүгө багыт алуу экендиги ачык көрүнөт. Бул багыттагы иштер жогорку окуу жайларын да толугу менен кучагына алып баратканын айтпай коюуга болбойт. Буга Болондук процесс мисал болуп бере алат. Жогоруда аталган маселелер жана көрүнүштөр азыркы

жогорку билим берүү тармагындагы Болондук процессти изилдөө зарылдыгын аныктайт.

Жогоруда айтылган көйгөйлөр жана кубулуштар теманын актуалдуулугун баса белгилейт.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, изденүүчү тарабынан жүргүзүлүп жаткан илимий изилдөөлөр Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өнүгүшүнүн негизги багыттарын жана келечегин изилдөө үчүн абдан актуалдуу жана өз убагында болгондугу айкын.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын чегиндеги илимий жыйынтыктары.**

Изденүүчү Беделбаева Айнура Замирбековнанын 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **кандидаттык диссертациясынын жыйынтыктары**.

1. Жогорку билим берүү тутумунун жагымдуулугун, атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жана анын дүйнөгө ачыктыгын жогорулатуу. Университеттин реформалар жаатында көз карандысыз чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, анын ичинде учурда жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга жана билим берүү жагынан башка мыйзамченемдерине тиешелүү өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү аркылуу.

2. ЕврАзЭСтин башкы максаты - ага мүчө өлкөлөрдүн аймагында бирдиктүү экономикалык мейкиндикти түзүү жолу менен регионалдык интеграция болгондуктан, Кыргыз Республикасынын дипломдорун (Diploma Supplement), илимий даражаларын, академиялык жана кесиптик жактан таануу абалын ишке ашыруусу багытында натыйжалуу иштерди алып баруу учурдун талабы. Биргелешкен илимий даражаларды мыйзамдаштырууну камсыз кылуу.

3. Коомчулук Кыргыз Республикасындагы ЖОЖдордо атайын программаларга лицензия берүүдө, аттестация жана аккредитациядан өткөрүүдө дүйнөлүк аренага чыгуу максатында формалдуу эмес, сөзсүз чет элдик эксперттердин катышуусунда рейтингди көтөрүү үчүн сапатын жогорулатууну көзөмөлдөөгө муктаж. Жогорку окуу жайларга: 1. Улуттук билим берүүнү Европалык билим сапатынын деңгээлинде камсыз кылуу жол-жоболорунун ортосундагы синергияны жана координацияны иштеп чыгуу. Мыкты тажрыйбаларды алмашууга жана жалпы европалык критерийлерди

калыптандыруу ишине активдүү катышуу менен билимдин сапатын контролдоо.

2. ЖОЖда ECTSти институционалдык деңгээлде киргизүү үчүн зарыл болгон методикалык колдоону иштеп чыгуу, бул кредиттик тутумдун негизги принциптерин, анын ичинде окутуунун натыйжаларына байланышкан насыялардын максатына, иш жүгүн аныктоого жана ECTSди каржылоо тутуму катары колдонууга байланышкан негизги принциптерин деталдаштыруу жана түшүндүрүү.

3. Мамлекеттик билим берүү стандарттарында жогорку сапаттагы академиялык даярдыктын тең салмактуулугун камсыз кылуу жана узак мөөнөттүү жумушка орноштуруу, жогорку билим берүүнүн негизги максаттарына шайкеш, кош милдет. Эмгек рынокторунун талаптарын негизги билим берүү программаларында, жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын университеттик компонентинде чагылдыруу.

4. Материалдык (интернет, техникалык жабдуулар) базаны чыңдап, университеттеги профессордук-окутуучулук курамдын саясатына көңүл буруу менен алардын эмгек акысын базар талаптарына ылайык төлөөнүн механизмдерин иштеп чыгуу. Билим берүүнүн сапатын жогорулатуу боюнча атайын мониторинг жүргүзүү жана жоопкерчиликти жогорулатуунун индикаторлорун ишке киргизүү зарыл.

5. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кадр кызматы менен биргеликте Болондук процесстин негизинде алынган дипломдордун статусун бекемдөөнүн жоболорун иштеп чыгуу керек. Бүтүрүүчүлөр ээ болгон дипломдун статусу ишке орношууда жана кызматтык даражаны жогорулатууда так, даана билүүсү билим берүүдөгү чоң реформанын аткарылышынын бир тарабы болуп каларын автор сунуштаган.

Диссертациялык иште Жогорку кесиптик билим берүүнү гумандаштыруу азыркы убакта түзүлгөн кырдаал-шарттарга ылайык көптөгөн милдеттерди өзүнө ала тургандыгын Болонья келишими аныктап берет. Ал адистерди даярдоодо бир нече пункттарда тийиштүү иш-чаралардын аткарылышы боюнча маанилүү теориялык жана прикладдык мааниге ээ болгон актуалдуу маселелер каралган.

Диссертацияда анын илимий жаңылыгын мүнөздөгөн натыйжалар алынган. Атап айтканда, коомдогу жогорку окуу жайлардын учурдагы абалы жана тенденциялары аныкталган.

Изилдөөнүн негизги жоболору жана тыянактары билим берүүнүн азыркы учурдагы кырдаал жана шарттарга ылайык изилдөө менен байланышкан тереңирээк түшүнүүгө мүмкүнчүлүк берет жана алынган

натыйжалар тийиштүү артыкчылыктуу теориялык же колдонмо көйгөйдү чечүү жолу катары квалификацияланат.

**1 - жыйынтык**. Диссертант Азыркы жогорку кесиптик билим берүүнү коомдук процесс катары социологиялык парадигмалардын негизинде Болондук процесс, биринчиден, Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн түзүмүн өзгөрттү. Экинчиден, билим берүүнүн түзүмүнүн өзгөрүшүнө жараша анын аткарган милдеттери (функциялары) өзгөрүүдө. Ошол себептен социологиянын түзүмдүк жана функционалдык парадигмаларынын негизинде илимий талдоо жүргүзгөн.

**2 - жыйынтык.** Автор Болондук процесстин алкагында заманбап жогорку кесиптик билим берүү тармагы ар тараптуу талданып, Мамлекеттик билим берүү стандартындагы көрсөтмөлөр жана интеграциялык процесстер жүзөгө ашырылуу менен, ЖОЖдордо билим берүүнүн сапаты, курамдык бүлүктөрүнүн көлөмү жана түзүүчүлөрү кеңейтилди, ошондой эле сапаттын деңгээлин баалоонун жана ага жетүүнүн жаңы жолдору, Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү стандарттарын европалык жана америкалык стандарттарды эске алуу менен иштеп чыккан.

**3 - жыйынтык.** Изденүүчү азыркы учурдагы жогорку билим берүүдөгү реформанын негизги максаты өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана коомдун талабына ылайык жогорку билимдүү жана маданияттуу инсанды калыптандырууга багытталды. Болондук процесстин оң жана терс жактары, айырмачылыктары ачып көрсөтүлдү; студенттердин, магистранттардын, окутуучулардын алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен мобилдүүлүгүн камсыздоону, бул үчүн алардын чет тилден даярдыгын жогорулатуу жана мындай долбоорлорду татыктуу каржылоо керектигин караган.

**4 - жыйынтык.** Автор Кыргызстанда окутуунун эки форматы колдонулат: салттык жана инновациялык. Жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлин түзүү зарылдыгы төмөнкү жагдайлар менен аныкталды: ааламдашуу жана маалыматтык революция процессинде жогорку мектептердеги билим берүүдө салттуу кесиптердин тездик менен эскирүүсү; автоматташтыруунун жана коммуникациялык технологиянын киргизилиши салттуу билим берүүнүн актуалдуулугун жоготуусуна алып келүүсү, заманбап талаптардын тездик менен өзгөрүүсү. Ушул себептүү Кыргыз Республикасында кадрларды даярдоо түзүмүнө өзгөртүүнү киргизүү жана жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинин жалпыга таанылган принциптерине негиздеп уюштуруунун зарылдыгы келип чыкканын аныктаган.

**5 - жыйынтык.** Автор акыркы 20 жыл ичинде билим берүү тармагында кабыл алынган мыйзамдарда, стратегияларда, программаларда жана документтерде билим берүүнүн бардык ишмердүүлүк системасында ар түрдүү реформалар жарыяланып келди. Билим берүү системасы коомдун негизги атрибуттарынын бири катары экономикалык жана саясий системага ылайыкташып, б. а. маңызы боюнча тарыхый өзгөрүлмөлүү келип, коомдун конкреттүү өнүгүү этабынан көз каранды абалда болду. Мына ушул этаптарга шайкеш келтирүү мезгил - мезгили менен алардын функцияларынын, алгылыктуу өнүгүү багыттарынын, жаңы билим берүү түзүмдөрүнүн жана ага шайкеш келүүчү социалдык институттардын келип чыгуусунун башкы багыттарынын бири болду деп көрсөткөн. Кыргыз Республикасынын суверендүү мамлекет болгондон берки ата мекендик билим берүү системасынын өнүгүшүн шарттуу түрдө бир нече этаптар менен караган: 1-этап (80-жылдардын аягы – 90-жылдардын башы); 2- этап (1992–2000-жылдар); 3-этап (2000-жылдардан тартып азыркы учурга чейин).

**6 - жыйынтык.** Автор Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүүнүн өнүгүшүнүн приоритеттүү багыттарын: жогорку билим берүүнүн эки деңгээлдүү системасы киргизилди (башкача айтканда, бакалавриат жана магистратурага бөлүнүшү); дипломго тиркеме берилет; бүтүрүүчүлөрүбүз эл аралык компанияларда жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү эске алынат, ошондой эле окутуучулар менен студенттердин мобилдүүлүгү камсыз кылынат деп негиздейт.

**3. Изденүүчүнүн диссертациядагы ар бир илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк деңгээли.**

**Диссертант тарабынан алынган натыйжалар** мазмунунун ички биримдиги, материалды сунуштоонун логикалык ырааттуулугу жана илимий иштин бөлүмдөрүнүн өз ара байланышы менен мүнөздөлөт. Жалпысынан, автор заманбап коомдогу Болондук процесске арналган маселелер боюнча мамлекеттик билим берүү саясатынын маселелерин изилдөөдө ар тараптуу жана тутумдуу изилдөө жүргүзүүгө жетишкен.

А. З. Беделбаеванын изилдөөсүндө алынган натыйжалары диссертациянын бөлүмдөрүнүн негизги мазмунун чагылдырат жана процессте корпоративдик башкаруу тутумун изилдөө чөйрөсүндө теориялык жана методологиялык негиз менен камсыздалган ишенимдүүлүгү менен мүнөздөлөт.

Изилдөөлөрдүн жүрүшүндө чындыкты илимий таануу методикасы, автордун социологиялык изилдөөлөрү колдонулган, көрсөтүлгөн көйгөйлөргө байланыштуу көптөгөн адабияттар жана башка булактар колдонулган.

Диссертацияда баяндалган жоболордун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү мамлекеттик билим берүү институттардын иштөө чөйрөсүндөгү коомдук мамилелерди системалуу талдоо менен аныкталат жана ар кандай изилдөө методдорун колдонуунун жетиштүү деңгээли шек туудурбайт.

Диссертацияда жаңы илимий натыйжаларды негиздеген, анын ишенимдүүлүгү социология илиминин өнүгүшү үчүн белгилүү бир мааниге ээ. Колдонулган методдор менен корутундуларды, илимий жоболорду негиздөө болгон.

**4. Изденүүчүнүн диссертациядагы ар бир илимий натыйжалардын (илимий жоболордун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык деңгээли.**

Диссертант ата мекендик социологиялык илимдердин деңгээлинде биринчи жолу Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшүн ар тараптуу талдоо жүргүзгөн. Жаңы статус менен төмөнкү натыйжалар алынган:

1. Жаңы, анткени Кыргызстанда жаңы пайда болгон социалдык-экономикалык кырдаалга байланыштуу Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн ар кандай шарттарга дуушар болуунун себептери илимий талдоого алынган.

2. Жаңы, анткени **Кыргызстандагы жогорку билим берүү тармагы** боюнча институттардын социалдык механизмдери илимий изилдөөгө алынган.

3. Жаңы, анткени биринчи жолу **Кыргызстандагы жогорку билим берүү тармагынын Болондук системага өтүү боюнча** социологиялык талдоонун негизинде илимий аныктоолор берилген.

4. Жарым-жартылай жаңы, анткени **жогорку билим берүү тармагындагы өткөөл** процессиндеги көйгөйлөр аныкталган.

5. Жаңы, жогорку окуу жайлардын Болон системасында билим берүү процессиндеги кыйынчылыктары жана кемчиликтери каралган.

6. Жаңы анткени коомдогу жаштар арасында билим алуу баалуулугу, билимге болгон мамиле боюнча иш чараларды көрүү жана келечек багыттары иштелип чыккан.

**5. Актуалдуу маселелерди, теориялык жана прикладдык тапшырмаларды чечүү үчүн алынган жыйынтыктардын ички бүтүндүгүн жана багыттуулугун баалоо.**

Диссертациялык изилдөө белгилүү бир логикалык ырааттуулукка ээ. Изилдөөнүн ички биримдиги максатты ар тараптуу аныктоо жана изилдөөнүн негизги милдеттерин түзүү менен камсыздалат.

Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, жети бөлүмдөн, корутундудан, тиркемелерден жана библиографиядан турат. Диссертациялык ишти жаңы жыйынтык катары мүнөздөсө болот, анын корутундулары социологиянын ушул багыттагы жалпы **теориялык принциптерин** байытып, толуктап турат.

**Практикада жүзөгө ашыруу үчүн,** Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темада автордук диссертациялык ишин колдонуу сунуш кылынат. Кыргыз коомчулугу үчүн актуалдуу жана практикалык жактан кызыктуу жана маанилүү. Анткени биздин өлкөдө учурда Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүү динамикасы жогору.

Илимий - изилдөө ишинин жүрүшүндө диссертант билим берүүнүн учурдагы абалы жана учурдагы көйгөйлөрү жөнүндө керектүү маалыматтарды жана негизги изилдөөлөрдүн натыйжаларын, ошондой эле аларды Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшүндөгү европалык стандарттарга туура келген окутуунун методдору жана технологияларына, жалпы эле жогорку окуу жайлардагы билим берүүнүн сапатына реформа жасоону жөнгө салуу боюнча натыйжалуу методдорду жана механизмдерди аныктады. Диссертант сунуш кылган корутундулар жана практикалык сунуштар Кыргыз Республикасында натыйжалуу билим берүүдөгү саясатты курууда жана пландаштырууда колдонулушу мүмкүн.

**6. Алынган натыйжалардын тийиштүү актуалдуу маселени, теориялык жана колдонмо маселени чечүүгө багытталышы.**

Диссертацияда бир катар жаңы илимий жыйынтыктар жана жоболор, корутундулар жана практикалык сунуштар камтылып, ички биримдикке ээ, бул автордун социологияга кошкон жеке салымын көрсөтөт.

Диссертациянын натыйжалары изилдөөдөн алынган натыйжалар, иштелип чыккан илимий жоболор Болондук процесске арналган маселелер боюнча мамлекеттик билим берүү саясатынын маселелерин иштеп чыгууга, ишти мындан ары алып барууга, социалдык-психологиялык, методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет. Изилдөөнүн материалдарынын негизинде окуу куралдарды, дарстарды, практикалык сабактарды даярдоодо,

жогорку окуу жайдын окутуучуларын кайрадан даярдоо курстарында маалымат катары колдонулушу мүмкүн. Социологиялык изилдөө маалыматтары билим берүүнү изилдөө боюнча илимий изилдөөлөрдө келечекте колдонулат. Изилдөөнүн натыйжалары жана сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес мекемелердин ишин оптималдаштыруу үчүн колдонулушу мүмкүн.

Ошондой эле келечекте Болондук системадагы билим берүү маселелер боюнча мамлекеттик деңгээлдеги суроолорду иштеп чыгууда, мындан аркы жаштар, студенттер менен иш алып барууда методикалык материалдарды түзүүгө көмөк берет.

Өкмөттүк жана өкмөттүк эмес уюмдардын ишин оптималдаштырууда, өспүрүмдөрдүн жигердүүлүгүн жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, натыйжаларынын жана жыйынтыктарынын, жарыялануусун ырастоо.**

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык жана республикалык илимий - практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордук 16 илимий макаласы, анын ичинен 3 чет өлкөдөн жарыяланган.

Жарык көргөн эмгектер диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР ЖАК койгон талаптарга жооп берет.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

А. З. Беделбаеванын берилген автореферати диссертациянын мазмунуна туура келет, ошондой эле негизги жоболорду, корутундуларды жана практикалык сунуштарды чагылдырат. Авторефератта үч тилде аналогиялык кыскача резюме келтирилген.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Диссертациянын ишине оң баа берүү менен, айрым кемчиликтерди жана сунуштарды белгилеп кетүү керек.

1. Мамлекеттик кызматка кабыл алууда Болондук процессти бүтүргөн бүтүрүүчүлөрдүн дипломдорунун деңгээлин сапаты изилденсе иштин мазмуна оң таасир бермек.
2. Ар бир бөлүмдөн кийин тыянактар болду, бирок бир кыйла салмактуу тыянактарды жасоо керек, анткени бул кандидаттык диссертациянын негизги шарттарынын бири.
3. Диссертациялык иштин техникалык жана стилистикалык жасалгаланышына көңүл буруңуз.

4. Бул диссертациялык ишти илимий иш боюнча калтырбастан жогорку окуу жайларына жана окуу процесстеринде маалымат катарында сунуштаса болот.

Жалпысынан диссертациялык изилдөө актуалдуу, коюлган талаптарга жооп берет. Диссертант тарабынан жогорку баага татыктуу, көлөмдүү жумуш аткарылган.

**10. Диссертациянын "Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун" талаптарына туура келиши.**

Беделбаева Айнура Замирбековнанын 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» темасында даярдалган социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын Кыргыз Республикасынын ЖАКнын "Илимий даражаны берүү тартиби жөнүндө жобосунун" талаптарына жооп берген илимий эмгек.

Автордун диссертациялык ишинде социологиялык илимдин өнүгүшүнө белгилүү бир салымын кошо алган жаңы илимий жыйынтыктар жана жоболор камтылган, ошондуктан Беделбаева Айнура Замирбековнанын 22.00.04. – социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Жетектөөчү уюмдун пикири** Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин «Социалдык иштер жана коомдук илимдер» кафедрасында кеңейтилген жыйынынын 2021-жылдын 4-октябрындагы №2 токтомунун негизинде талкууланган.

**Отурумдун төрагасы,**
**Ош мамлекеттик педагогикалык университетинин**
**«Социалдык иштер жана коомдук**
**илимдер» кафедрасынын доценти,**
**социология илимдеринин кандидаты:** Н. Маг **Н. Т. Маткаримов**

**Отурумдун катчысы:** **А. А. Колдошева**

Н. Т. Маткаримовдун колун

**Тастыктайм:** **А. Б. Кадыралиева**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата биринчи расмий оппонент, саясий илимдеринин доктору, профессор Жоробеков Жолборс Жоробековичтин**

## СЫН-ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

**Беделбаева Айнура Замирбековнанын** «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан баштап ааламдашуу жана заманбап дүйнөнүн интеграция процесстерине активдүү тартылып, ошондой эле жогорку кесиптик билим берүүдө эки баскычтуу билим берүү системасын кабыл алдык. Жогорку кесиптик билим берүү системасын туура жолго салыш

КИРИШ № ДК-100-20 «18» 10 2021 ж.

үчүн, дүйнөлүк билим берүүдөгү алдыңкы иш – тажрыйбаларды өлкө ичине алып келүүгө аракет кыла баштады. Алардын биринчиси – жогорку кесиптик билим берүүнү эки баскычтуу (бакалавриат жана магистратура) кредиттик окуу системасына алып чыгуу кызыкчылыгы болду. Бул багыттагы иштер жогорку окуу жайларын да толугу менен кучагына алып баратканын айтпай коюуга болбойт. Буга Болондук процесс мисал болуп бере алат. Жогоруда аталган маселелер жана көрүнүштөр азыркы жогорку билим берүү тармагындагы Болондук процессти изилдөө өзгөчө актуалдуу болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин буйруктары (КР ББиИМ), КРнын ББжИМ коллегиясынын чечимдери – сыяктуу расмий документтердин негизинде «Кыргыз Республикасы жогорку кесиптик билим берүүнүн эки деңгээлдүү түзүмүн негиздеген» КРнын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-августундагы №496 токтому менен биздин республикада эки баскычтуу жогорку кесиптик билим берүү кабыл алынган.

**2. Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

А.З. Беделбаеванын илимий-изилдөө ишинде Болондук процесстин алкагында Кыргызстандагы жогорку билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүнүн негизги багыттарын, структураларын жана келечекте жогорку окуу жайларда иш алпаруу үчүн мамлекет тарабынан башкаруу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуусунда жана изилдөө ишинин максатына ылайык жүргүзүлгөн изилдөөлөрүнүн негизинде төмөнкү натыйжалар алынган:

**Натыйжа 1**. Автор өз изилдөө ишинде Кыргызстандын жогорку кесиптик билим берүү Болондук процесс жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы парадигмасы катары аныктаган.

**Натыйжа 2.** Болондук процесске кошулгандагы алгачкы шарттардын жана аларга ылайык келген жогорку кесиптик билим берүүнүн методологиясын караган.

**Натыйжа 3.** Жогорку окуу жайлардын Болондук процесске өтүү этаптары жана анын жүрүшүндөгү реформаларды аныктаган.

**Натыйжа 4.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн салттуу жана инновациялык форматтарындагы проблемалар салыштырылып талдоо жүргүзгөн.

**Натыйжа 5.** Болондук процессти ишке ашыруудагы артыкчылыктар менен кемчиликтер көрсөтүлгөн.

**3. Диссертациялык иштеги ар бир жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Изденүүчү диссертацияда ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Бул далилдер социология илиминде олуттуу мааниге ээ. Илимий айлампага киргизилген материалдарды изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттенин ишке ашырууда алынган илимий жыйынтыктар автор тарабынан ынанымдуу ырасталган. Алар:

***Биринчиден,*** Болондук процессти ишке ашыруунун негизинде Кыргызстандагы жогорку билим берүү тармагы заманбап формаларга багытталышы менен билим берүүдөгү баштапкы базалык кырдаалдын ортосунда бир топ карама-каршылыктар жаралгандыгы, бул жерде көптөгөн чечиле элек проблемалар бар (сапаттуу билимдин жеткиликтүүлүгүндөгү теңсиздик, билим берүүдөгү баш аламандык, артта калган материалдык-техникалык база ж.б.). ЖОЖдорго Болондук процесстин алкагында жогорку кесиптик билим берүүнү модернизациялоо, инновацияларды камсыз кылуу маселелерин чечүү керектигин белгилеп кеткен.

***Экинчиден,*** учурдагы Болондук процесс менен билим берүүнү реформалоодо бирдиктүү европалык билим берүү мейкиндигин түзүүнүн негизги позициялары каралган. Кыргызстандын шартында Болондук жаңылануунун ийгилигин жогорулатуу үчүн билим берүүнүн жана илимдин өз ара мамилелеринин натыйжалуулугун, кадрларды даярдоо жана аларды жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүн айкалыштырууну аныктаган.

***Үчүнчүдөн,*** Кыргызстандын билим берүү стандарттарын европалык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн жогорку окуу жайларды дүйнөнүн

алдыңкы окуу жайларын аккредитациялаган эл аралык уюмдардан аккредитациядан өткөрүү керектиги каралган. Ал үчүн материалдык, каржылык жана кадр маселелери европалык стандарттарга туура жана толук жооп бере турган реформаларды жасоо керектигин белгилеп кеткен.

***Төртүнчүдөн,*** Болонья келишиминин алкагында өлкөдө ишке ашырылып жаткан жогорку билим берүүнү модернизациялоонун вариантын «жактырабыз» жана «каршыбыз» деп эсептеген эксперттердин жүйөөлөрү келтирилген. Радикалдуу реформанын жактоочуларынын негизги аргументтери: адистерди даярдоонун эки баскычтуу системасынын ыңгайлуулугу; жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү үчүн кыска мөөнөттүү окуу курстарынын киргизилиши; дипломдордун Европада да таанылышына жетишүү; чет өлкөдө билим алуу мүмкүнчүлүгү; жаңы баалоо тутумунун универсалдуулугу жана объективдүүлүгү; Кыргызстандык адистерди чет өлкөлөрдө таануу келечеги бар экендигин белгилеп кеткен. Кыргызстандын Болондук процесске киришине каршы көз караштардын негизги эскертүүлөрү катары: буга чейинки билим берүүнүн жетишкен ийгиликтерин жоготулуусу; илимий мектептердин потенциалынын жоготулуусу; билим берүүнү стандартташтыруу; студенттердин чыгармачыл потенциалын ачуунун мүмкүн эместиги; билим берүүнү формалдаштыруу; дипломдуу адистердин билим деңгээлинин төмөндөшү; Кыргызстандын эмгек рыногунда бакалаврларга талаптын жоктугун аныкталган.

**4. Диссертациядагы ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык даражасы.**

**Натыйжа 1.** Заманбап методологиялык принциптердин негизинде Болондук процесс Кыргызстанда мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлардын ишин оптималдаштырууда, алардын рейтингин жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алаарына диссертант тарабынан алгачкылардан болуп комплекстүү изилденген. Муну диссертациялык иштин негизги жаңычылыктары катары эсептөөгө болот. Бул тема кыргыз социология

илиминде мурда конкреттүү жаңы багыттар менен комплекстүү изилденген эмес.

**Натыйжа 2.** Диссертацияда талдоого азыркы учурдагы жогорку билим берүүдөгү реформанын негизги максаты өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүнө жана коомдун талабына ылайык жогорку билимдүү жана маданияттуу инсанды калыптандырууга багытталган. Болондук процесстин оң жана терс жактары, айырмачылыктары ачып көрсөттү; студенттердин, магистрантттардын, окутуучулардын алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен мобилдүүлүгүн камсыздоо керектигин автордун илимий ишинин негизги жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**Натыйжа 3.** Болондук процесстин эмгек рынокторунун талаптарын негизги билим берүү программаларын, жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын университеттик компонентинде дал келтирүү негизги жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**Натыйжа 4.** Социологиялык изилдөөлөрдүн жаңы эмпирикалык, статистикалык материалдардын негизинде Болондук процесс алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүү келечекте жаштар үчүн өтө маанилүү экендиги көрсөтүлгөн.

**Натыйжа 5.** Автордун бул эмгегин булактык материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот. Бул аракет иштин ар бир жыйынтыгынын жана корутундусун негиздүүлүгүн, ынанымдуулугун, далилдүүлүгүн ырастап турат.

**5. Изилдөөнүн натыйжаларынын ички биримдигин актуалдуу маселени чечүүгө багыттуулугун баалоо.**

Диссертанттын изилдөө ишинин натыйжаларынын негиздүүлүгүнө, ишенимдүүлүгүнө жана жаңылыгына болгон талдообуз көрсөткөндөй, ар бир өзүнчө алынган натыйжа изилдөөнүн ички логикасына туура келет жана жыйынтыктар диссертациялык иште коюлган максатка шайкеш болуп, өз ара биримдикте жана бүтүндүктө жазылган.

Сунушталган диссертациялык ишти жаңы илимий эмгек катары мүнөздөсө болот, анкети анын корутундулары социология илимдеринин ушул багыттагы жалпы теориялык принциптерин байытып, толуктап турат.

Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүү тармагы 2012-жылдан тартып Болондук процесске өткөн. Коомдун келечектеги өнүгүшүндө замандын шарттарына ылайык билим берүүнүн ролу жана мааниси Кыргызстандын демократияга, рыноктук экономикага багыт алышы, анын эл аралык деңгээлдеги глобалдык каржылык жана коомдук өнүгүшүнөн артта калышынан чыгышы, зарылдыгы көрсөтүлгөн.

А.З. Беделбаеванын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темада жазган диссертациясы Болондук процесстин Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшүнүн негизинде комплекстүү изилдөөгө алынган илимий эмгек болуп саналат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары жана иштелип чыккан сунуштары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлардын ишин оптималдаштырууда, алардын рейтингин жогорулатууда жана социалдык мобилизациялоодо өлкө боюнча колдонууга мүмкүнчүлүк бере алат.

Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**6. Изилдөөчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.**

Автор тарабынан 2019-жылдан баштап изденүүчү өз демилгеси менен аталган тема боюнча социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонуу аркылуу ишке ашырылган. Алсак, статистикалык маалыматтар, тема боюнча маселелерди чагылдырган эмгектер документтерди талдоо усулун пайдалануу менен

илимий жактан талданган. Эксперттик (тема боюнча эксперттер, жогорку окуу жайлардагы жетекчилер, окутуучулар, бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуучулар) сурамжылоодо бардыгы болуп 100 экспертке, ошондой эле 400 респондентке (магистранттар) массалык сурамжылоо жүргүзүлдү. Алынган жооптор SPSS-16, Google Forms программаларында иштелип чыкты. Географиялык курчоо: Бишкек шаарындагы мамлекетик жана жеке менчик жогорку окуу жайларынын магистранттарын жана жогорку окуу жайлардын кызматкерлерин камтыган. Себеби Кыргызстандын көпчүлүк жогорку окуу жайлары борбордо жайгашкан. Ошондуктан, изилдөөнүн максат, милдеттерине ылайык, Бишкектин жогорку окуу жайлары салыштырып изилдөөгө алынган.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толук туура келет, диссертацияда максаты жана милдеттери авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**8. Диссертациялык темага байланыштуу автордук жарык көргөн эмгектеринин мазмунунун диссертациянын илимий жыйынтыктарына, каралган жоболоруна, корутундусуна жооп бериши.**

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордук 16 илимий макаласы, анын ичинен 3 чет өлкөдөн жарыяланган.

Жарык көргөн эмгектер диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР ЖАК койгон талаптарга жооп берет.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Беделбаева Айнура Замирбековнанын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым бир

мүчүлүштүктөр да орун алган. Ошондуктан каалоо иретинде төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1. Диссертациялык иштин мазмунунда магистранттардын маселеси эле каралган, келечекте баклаврды окуп жаткан студенттердин көйгөйлөрү көтөрүлсө иштин деңгээли мындан да салмактуурак болот.
2. Диссертациялык текстин стилистикалык жана техникалык жактан карап чыгуу зарыл.

Бирок аталган кемчиликтер диссертациянын жогорку илимий деңгээлин төмөндөттө албайт.

**10. Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын “Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө” жобосуна талаптарына шайкештиги.**

Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы өз алдынча даярдалган илимий жыйынтыктары ынанымдуу, социология илимине белгилүү деңгээлде салым кошо турган илимий эмгек болуп саналат. Ошондуктан анын автору социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептеймин.

**Саясат илимдеринин доктору,**
**профессор** **Жоробеков Ж.Ж.**

Кыргызская Республика, город Бишкек, проспект Чуй, д. 267, каб.115.

«Второго ноября две тысячи двадцать первого года» Я, Курманова Тамара Аблабековна, частный нотариус Ленинского нотариального округа г. Бишкек, лицензия МЮ КР№322 от 29.10.2007 года, свидетельствую подлинность подписи гр. **Жоробекова Жолборса,** которая сделана собственноручно в моем присутствии. Личность подписавшего документ установлена, дееспособность проверена.

«Нотариус, свидетельствуя подлинность подписи, не удостоверяет фактов, изложенных в документе, а лишь подтверждает, что подпись сделана определенным лицом».

Зарегистрировано в реестре за№ 322-3573

Взыскано госпошлины: 50 сом по квитанции.

**Нотариус** ____________

Прошито и пронумеровано на 8 ( восемь ) листах

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алууга жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына карата экинчи расмий оппонент, социология илимдеринин кандидаты, доцент Алымкулов Ализбек Төлбашевичтин**

## СЫН-ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын илимий, жалпы мамлекеттик программалар (практиканын жана илимдин, техниканын өнүгүү таламдары) менен байланышы.**

**Беделбаева Айнура Замирбековнанын** «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан баштап демократия өнүгүш жолуна түшкөн, ал бардык тармактар боюнча көптөгөн мамлекеттер менен коомдук-саясий, социалдык-экономикалык кызматташта баштады. Анын

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН
А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ
ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ
УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23 20.611
КИРИШ № ДК-99-20
«15» 10 2021 ж.

ичинде билим берүү тармагын да айтсак болот. Жогорку кесиптик билим берүү системасын туура жолго салыш үчүн, өнүккөн өлкөлөрдө дүйнөлүк билим берүү системасына бирдиктүү багытты, тактап айтканда, өз мекенинде жогорку билимге ээ болгон жаштар дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө да кыйналбай кызмат таап, иштеп кетүүсү үчүн шарт түзүүнүн зарылдыгын сунуштап отурат. Ушундан улам, Кыргызстанда жогорку кесиптик билим берүү системасы 2012-жылдан тартып толук түрдө Болондук процесске өткөн. Азыркы мезгилде өнүгүүгө багыт алган бардык өлкөлөрдүн ичиндеги жогорку кесиптик билим берүүчү жогорку окуу жайлары эки деңгээлдүү (бакалавриат жана магистрлик) стандартка өтүүнү кабыл алып, азыркы убакта ишке ашырылууда.

**2. Окумуштуулук даражаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобонун талаптарынын чегиндеги илимий натыйжалары.**

А.З. Беделбаеванын илимий-изилдөө ишинде Болондук процесстин алкагындагы Кыргызстандагы жогорку билим берүүдөгү тутумдарын, жүрүү өзгөчөлүктөрүн жана ал процесстерди мамлекет тарабынан башкаруу боюнча практикалык сунуштарды иштеп чыгуусунда жана изилдөө ишинин максатына ылайык жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизиндеги төмөнкү натыйжалар алынган:

**Натыйжа 1.** Автор өз изилдөө ишинде Болондук процесс жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңы парадигмасы катары аныктаган.

**Натыйжа 2.** Болондук процесске кошулгандагы алгачкы шарттардын жана аларга ылайык келген жогорку кесиптик билим берүүнүн методологиясын караган.

**Натыйжа 3.** Жогорку окуу жайлардын Болондук процесске өтүү этаптары жана анын жүрүшүндөгү реформаларды аныктаган.

**Натыйжа 4.** Жогорку кесиптик билим берүүнүн салттуу жана инновациялык форматтарындагы проблемалар салыштырылып талдоо жүргүзгөн.

**Натыйжа 5.** Болондук процессти ишке ашыруудагы артыкчылыктар менен кемчиликтер көрсөтүлгөн.

**3. Диссертациялык иштеги ар бир жыйынтыктардын жана корутундулардын негиздүүлүк жана ишенимдүүлүк деңгээли.**

Диссертант изилдөөсүндө ар бир жаңы алынган жыйынтыктарды, корутунду пикирлерди негиздүү жана ынамдуу далилдей алган. Бул далилдер кыргыз социология илиминде олуттуу мааниге ээ. Маселен:

***Биринчиден,*** Болондук процессти ишке ашырууда жогорку билим берүү тармагы заманбап формаларга багытталып, билим берүүдөгү баштапкы базалык кырдаалдын ортосунда бир топ карама-каршылыктар жаралат, анын ичинде көптөгөн проблемалар бар алар: сапаттуу билимдин жеткиликтүүлүгүндөгү теңсиздиги, билим берүүдөгү баш аламандыкты, артта калган материалдык-техникалык базаны жаңылоону белгилеп кеткен.

***Экинчиден,*** Кыргызстандын шартында Болондук процессти жаңылануунун ийгилигин жогорулатуу үчүн билим берүүнүн жана илимдин өз ара мамилелеринин натыйжалуулугун, кадрларды даярдоо жана аларды жумуш менен камсыз кылуу чөйрөсүн айкалыштыруу керектиги талданган.

***Үчүнчүдөн,*** Кыргызстандын билим берүү стандарттарын европалык стандарттарга шайкеш келтирүү үчүн жогорку окуу жайларды дүйнөнүн алдыңкы окуу жайларын аккредитациялаган эл аралык уюмдардан аккредитациядан өткөрүү зарыл экендигин аныктаган.

***Төртүнчүдөн,*** радикалдуу реформанын жактоочуларынын негизги аргументтери: адистерди даярдоонун эки баскычтуу системасынын ыңгайлуулугу; жогорку окуу жайлардын бүтүрүүчүлөрү үчүн кыска мөөнөттүү окуу курстарынын киргизилиши; дипломдордун Европада да таанылышына жетишүү; чет өлкөдө билим алуу мүмкүнчүлүгү; жаңы баалоо тутумунун универсалдуулугу жана объективдүүлүгү; Кыргызстандык адистерди чет өлкөлөрдө таануу келечеги бар экендиги аныкталган.

**4. Диссертациядагы ар бир илимий натыйжанын (жобонун), жыйынтыктардын жана корутундулардын жаңылык даражасы.**

**Натыйжа 1.** Заманбап методологиялык принциптердин негизинде Болондук процесстин Кыргызстандагы бардык жогорку окуу жайларга киргизилишин жана эки деңгээлдүү билим берүү системасын алгачкылардан болуп комплекстүү изилденген. Бул тема кыргыз социология илиминде мурда конкреттүү жаңы багыттар менен комплекстүү изилденген эмес.

**Натыйжа 2.** Диссертацияда талдоого Болондук процесстин оң жана терс жактары, айырмачылыктары ачып көрсөттү; студенттердин, магистранттардын, окутуучулардын алыскы чет өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлары менен мобилдүүлүгүн камсыздоо керектигин иликтөөгө алуу, илимий иштин дагы бир жаңылыгы болуп саналат

**Натыйжа 3.** Болондук процесстин эмгек рынокторунун талаптарын негизги билим берүү программаларын, жогорку билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарынын университеттик компонентинде дал келтирүү негизги жаңылыгы катары эсептөөгө болот.

**Натыйжа 4.** Социологиялык изилдөөлөрдүн жаңы эмпирикалык, статистикалык материалдардын негизинде Болондук процесс алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүү келечекте жаштар үчүн өтө маанилүү экендиги көрсөтүлгөн.

**Натыйжа 5.** Автордун бул эмгегин булактык материалдарга негизделген ынанымдуу далилдер менен коштолгон, өз алдынча жана жогорку илимий деңгээлде даярдалган диссертациялык иш деп эсептөөгө болот. Бул аракет иштин ар бир жыйынтыгынын жана корутундусун негиздүүлүгүн, ынанымдуулугун, далилдүүлүгүн ырастап турат.

**5. Изилдөөнүн натыйжаларынын ички биримдигин актуалдуу маселени чечүүгө багыттуулугун баалоо.**

**Беделбаева Айнура Замирбековнанын** «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген аталыштагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы жаңы

булактарды илимий айлампага киргизүүнүн негизинде Болондук процесстин алкагындагы Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшүнүн негизинде комплекстүү изилдөөгө алынган илимий эмгек болуп саналат.

Изилдөөнүн жыйынтыктары колдонулган заманбап билим берүү системасы жана социологиялык материалдар менен негизделген. Корутунду диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Автордун жекече салымы катары илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселенин бардык аспектилери, изилдөөчү тарабынан чогултулган материалдар системага келтирилип, диссертациянын структурасындагы иликтенүүчү окуялардын жүрүшү жалпыланып, комплекстүү түрдө иликтенген. Диссертациялык иште каралып жаткан проблема боюнча логикалык жактан ырааттуу жыйынтыктар чыгарылган. Демек, диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдиги жана багыттуулугу толук жетишилген деп саноого болот.

**6. Изилдөөчүнүн алган натыйжаларынын тиешелүү актуалдуу маселелерди, теориялык жана колдонмо милдеттерди чечүүгө багытталышы.**

Автор тарабынан 2019-жылдан баштап изденүүчү өз демилгеси менен аталган тема боюнча социологиялык изилдөө жүргүзүлгөн. Бул изилдөө социологиянын сандык жана сапаттык ыкмаларын колдонуу аркылуу ишке ашырылган. Алсак, статистикалык маалыматтар, тема боюнча маселелерди чагылдырган эмгектер документтерди талдоо усулун пайдалануу менен илимий жактан талданган. Эксперттик (тема боюнча эксперттер, жогорку окуу жайлардагы жетекчилер, окутуучулар, бүтүрүүчүлөрдү жумуш менен камсыз кылуучулар) сурамжылоодо бардыгы болуп 100 экспертке, ошондой эле 400 респондентке (магистранттар) массалык сурамжылоо жүргүзүлдү. Алынган жооптор SPSS-16, Google Forms программаларында иштелип чыкты. Географиялык курчоо: Бишкек шаарындагы мамлекетик жана жеке менчик жогорку окуу жайларынын магистранттарын жана жогорку окуу

жайлардын кызматкерлерин камтыган. Себеби Кыргызстандын көпчүлүк жогорку окуу жайлары борбордо жайгашкан. Ошондуктан, изилдөөнүн максат, милдеттерине ылайык, Бишкектин жогорку окуу жайлары салыштырып изилдөөгө алынган.

**7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна толук туура келет, диссертацияда максаты жана милдеттери авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

**8. Диссертациялык темага байланыштуу автордук жарык көргөн эмгектеринин мазмунунун диссертациянын илимий жыйынтыктарына, каралган жоболоруна, корутундусуна жооп бериши.**

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордук 16 илимий макаласы, анын ичинен 3 чет өлкөдөн жарыяланган.

Жарык көргөн эмгектер диссертациянын мазмунуна төп келет жана КР ЖАК койгон талаптарга жооп берет.

**9. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.**

Беделбаева Айнура Замирбековнанын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар эле, айрым бир мүчүлүштүктөр да орун алган. Ошондуктан каалоо иретинде төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

1. Диссертациялык текстин стилистикалык жана техникалык жактан карап чыгуу зарыл.
2. Коңшу мамлекеттердеги Болондук процесстин жүрүш менен салыштырмалуу изилденсе диссертациялык иштин мазмуну салмактуураак болмок.

Бирок аталган кемчиликтер диссертациянын жогорку илимий деңгээлин төмөндөттө албайт.

**10. Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялык Комиссиясынын "Илимий даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндө" жобосуна талаптарына шайкештиги.**

Беделбаева Айнура Замирбековнанын «Болондук процесстин алкагында Кыргызстанда жогорку билим берүүнүн келечектеги өнүгүшү» деген темадагы 22.00.04 - социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер адистиги боюнча социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын кол жазмасы өз алдынча даярдалган илимий жыйынтыктары ынанымдуу, социология илимине белгилүү деңгээлде салым кошо турган илимий эмгек болуп саналат. Ошондуктан анын автору социология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга толук татыктуу деп эсептеймин.

**Социология илимдеринин кандидаты,**

**доцент** **Алымкулов А.Т.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ